даярдоо жана жумушчу күчүн жогорку квалификацияга жеткирүү боюнча жаңы иш-чаралар жана программалар иштелип чыгышы керек. Миграция социалдык өзгөрүүлөргө да себепкер болот. Айыл жерлеринде калктын санынын кыскаргандыгы жана жаштардын жоктугу, социалдык кызматтарга, анын ичинде билим берүү жана саламаттыкты сактоо кызматтарына болгон суроо-талапты төмөндөтүп келүүдө. Мигранттардын кайтып келүүсү жана алардын туруктуу жашоо үчүн кайра келгенде жаңы социалдык маселелер жаралат. Алардын социалдык интеграциясы, кайра кайтып келгендердин жумуш ордуна орношушу жана айыл жерлеринде инфраструктураны өркүндөтүү маселелери дагы актуалдуу болуп калууда.

Ош облусунун калкынын демографиялык түзүмү, жаш курактык өзгөрүүлөр, миграция жана билим берүү тармагындагы көйгөйлөр аймактын өнүгүүсүнө түздөн-түз таасир этет. Бул маселелерди чечүү үчүн комплекстүү мамиле жана социалдык-экономикалык саясатты иштеп чыгуу абзел. Калктын жашоо сапатын жогорулатуу, экономиканы өнүктүрүү жана аймактагы туруктуу өсүштү камсыз кылуу үчүн стратегиялардын эффективдүү ишке ашыруу керек.

**Адабияттар:**


1. АНАЛИЗ ДЕМОГРАФИЧЕСКОЙ СИТУАЦИИ В КЫРГЫЗСТАНЕ: ОБНОВЛЕНИЕ 2020 г. Фонда ООН в области народонаселения. © ЮНФПА 2021.
2. Перепись населения и жилищного фонда Кыргызской Республики 2022 года: Книга III в таблицах: Регионы Кыргызской Республики: Ошская область. – Б.:2023 г. – 141 с. ISBN 978-9967-9512-4-2
3. Перепись населения и жилищного фонда Кыргызской Республики 2009 года: Книга III в таблицах: Регионы Кыргызской Республики: Ошская область. – Б.:2010 г.
4. Жоошбекова А.Р., Абдувапова А.Т. Азыркы мезгилдеги Кыргызстандын түштүгүндөгү этнодемографиялык жүрүмдөр.–Бишкек 2023.-219 б.
5. Ош облусунун социалдык-экономикалык абалы. Ош-2023 г.
6. Ош облусунун социалдык-экономикалык абалы. Ош-2024 г.
7. Кыргызстан кенейтилген миграциялык профиль 2015–2018-жж. – Бишкек 2019-ж


УДК:94:314.8.(575.2.(04)

**Абдикеримов А. Ш.**
Баткен мамлекеттик университети, Кызыл-Кыя гуманитардык-педагогикалык институтунун Кыргыз тили жана тарых кафедрасы, тарых илимдеринин кандидаты, доцент
**Шамшиев Н. А.**
ОшМУнун Кыргыз-Кытай факультетинин Кытай тили жана Кытай таануу кафедрасынын окутуучусу

## БАТКЕН ОБЛАСТЫНДАГЫ КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРЫНЫН КАЛКЫНЫН УЛУТТУК КУРАМЫНЫН КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК ЖЫЛДАРЫНДАГЫ ӨЗГӨРҮҮ ДИНАМИКАСЫ (1991-2021)

**Абдикеримов А.Ш.**
Баткенский государственный университет, Кафедра кыргызского языка и истории Кызыл-Кийского гуманитарно-педагогического института,
кандидат исторических наук, доцент
**Шамшиев Н.А.**
Кафедра китайского языка и китаистики Кыргызско-Китайского института Ошского государственного университета, преподаватель

## ИЗМЕНЕНИЕ ДИНАМИКИ НАЦИОНАЛЬНОГО СОСТАВА ЖИТЕЛЕЙ ГОРОДА КЫЗЫЛ-КЫЯ БАТКЕНСКОЙ ОБЛАСТИ В ГОДЫ СУВЕРЕНИТЕТА КЫРГЫЗСТАНА (1991-2021)

**Abdikerimov A. Sh.**
Batken State University Kyzyl-Kiya Humanitarian-Pedagogical Institute,
Department of Kyrgyz Language and History, Candidate of Historical Sciences
**Shamshiev N. A.**
Lecturer at the Department of Chinese Language and Chinese Studies, Kyrgyz-Chinese Faculty,
Osh State University

## CHANGES IN THE DINAMICS OF THE NATIONAL COMPOSITION OF THE CITY OF KYZYL-KIYA, BATKEN REGION DURING THE YEARS OF SOVEREIGNTY OF KYRGYZSTAN (1991-2021)

**Аннотация.** Макалада Кызыл-Кыя шаарынын түзүлүү тарыхын, өзгөчөлүгүн жана эгемендүүлүк жылдарындагы шаардын калкынын улуттук курамынын өзгөрүү динамикасын, этнологиялык жактан, жергиликтүү материалдардын негизинде изилдөөгө алынган. Саясий-экономикалык кризистин натыйжасында, шаардагы өнөр жай ишканаларынын жабылышынын натыйжасында жумушсуздук күчөп, шаардагы ишканалардын жумушчулары Казакстан, Россияга көчүп кетишкен. Тышкы жана ички эмиграциянын натыйжасында шаардын калкынын улуттук курамы өзгөрүлдү. Макала шаардын калкынын улуттук курамынын өзгөрүүсү жөнүндөгү илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыгынын натыйжасында жазылды.

**Ачкыч сөздөр**: эл, улуттук курам, эмиграция, геологиялык изилдөө, көмүр кени, шахта, шахтерлор, статистикалык маалыматтар, сүргүнгө айдалгандар, этнография.

**Аннотация.** Статья посвящена изучению истории образования, самобытности и динамики изменения национального состава населения города Кызыл-Кия в годы независимости, на основе местных материалов. В результате политико-экономического кризиса, закрытия промышленных предприятий в городе возросла безработица, рабочие предприятий города эмигрировали в Казахстан, Россию. В результате внешней и внутренней эмиграции изменился национальный состав населения города. Статья написана по результатам научных исследований изменения национального состава населения города.

**Ключевые слова:** народ, национальный состав, эмиграция, геологическая исследования, уголные рудники, шахта, шахтеры, разрез, статистические данные, ссылные, этнография.

**Annotation.** The article is devoted to the study of the history of education, identity and dynamics of changes in the national composition of the population of the city of Kyzylkiya during the years of independence, based on local materials. As a result of the political and economic crisis and the closure of industrial enterprises in the city, unemployment has increased, and workers from the city's enterprises have emigrated to Kazakhstan and Russia. As a result of external and internal emigration, the national composition of the city's population has changed. The article is based on the results of scientific research on changes in the national composition of the city's population.

**Key words:** nation, national composition, coal, coal mines, mine, miners, statistical data, exiles, ethnography.

Фергана өрөөнү байыркы мезгилдерден бери карай тоо кен өндүрүшү боюнча дүйнөнүн көп өлкөлөрүнө таанымал болгон. Араб-парсы жана кытай булактарында чагылдырылгандай, бул аймак б.з. I к. кен байлыктары жана кен иштетүү боюнча атагы чыгып, Ферганадан түрк туткундары менен кошо ак кездемелер, курал-жарак, кылыч, жез, темир сыртка чыгарылып, Ферганнын темир буюмдары, айрыкча курал-жарактар Багдадка чейин сатылып турган.

Б.з. I к. Баткен аймагындагы атагы чыккан Кан-и-Гут кени жөнүндө алгачкы маалымат атактуу дарыгер Абу Али ибн Синанын эмгектеринде кездешет. Ал эми X к. таандык Ал-Истахрининин "Китаб масалик ал-мамалик" аттуу географиялык-тарыхый эмгегинде: "Фергана тоолорунан асбест, бирюза, темир, жез, алтын жана коргошун казылып алынат. Аспарада кара таштуу тоо бар, бул таштар [жыгач] көмүр сыяктуу күйөт; ал жерден үч капты [ушундай көмүрдүн үч кабын] бир дирхемге сатышат жана анын күлү кездемелерди агартат [3, 33-б.]"- деп жазган. Бирок кийинки мезгилдерде Ферганадагы тоо кен өндүрүшү токтоп калган. XIX к. жарымына чейин бул өрөөндө көмүр өндүрүүгө көңүл бурулбай

келген болсо, ушул эле кылымдын 60-70-жж. баштап, башкача айтканда Орто Азия Россияга кошулгандан кийин гана бул тармакка болгон “кызыгуу” кайрадан күчөп, анын натыйжасында кыргыз айылдарында да капиталисттик мамилелер пайда боло баштаган.

Орусия падышачылыгы 1870-ж. Түркстандагы таш көмүр кендерин чалгындоого жана өздөштүрүүгө кызыккан жактарга атайын уруксат берүү жөнүндө генерал-губернаторлорго укук берген. Натыйжада Түркстандагы кара алтын байлыктарына орустар менен кошо европалыктардын да кызыгуусу күчөй баштаган. Кыргызстандын түштүгүндө алгачкы таш көмүр кени Сүлүктүдө, Көк-Кене-Сай суусунун боюнда жайгашкан. Мындагы таш көмүр жергиликтүү элге байыртадан эле белгилүү болгон. Ал жөнүндө: “1868-жылы жергиликтүү калктын жардамы менен таш көмүр кени изилденди жана ушул эле жылы көмүр казуу иши башталды”, – деп жазган “Түркстан жыйнагы”.

Кызыл-Кыя кени Орто Азиядагы ири көмүр кендеринин бири. Кичи Алай кырка тоосунун этегинде Эшме-Булак капчыгайында жайгашкан. Жергиликтүү элдер мурдатан эле капчыгайдагы суу жеп, жер бетине чыгып калган “күйүүчү кара ташты” казып алышып, отун катары пайдаланышкан. Кен Кызыл-Кыя, Ятан, Алмалык, Үч-Коргон сыяктуу 15 участкадан туруп, жалпы узундугу 12 чакырымга жакын. 1898-ж. орустун округдук инженери Михайлов жергиликтүү элдин жардамы менен Эшме-Булакта геологиялык изилдөө жумуштарын жүргүзүп, көмүрдү мамлекеттик казынанын пайдасына казып алууну сунуштаган.

1898–1904-жж. француз Шотт тарабынан Кызыл-Кыянын чыгыш тарабындагы көмүр кени иштетилген. Орус ишкери А. И. Спачев немец, бельгия жана француз ишкерлери менен бирге 1898-ж. “Үч-Коргон” кенин өздөштүргөн. Кийин бул жыл (1898-ж.) Кызыл-Кыя көмүр кенинин официалдуу ачылышы катары эсептелген [5.27.] Кызыл-Кыятуракжайынынегизделишиндагыушул жыл менен байланышкан. Анткени, көмүр кенинин ачылышы менен Н. Д. Батюшков тарабынан шахтерлор үчүн курулган казармага улай улам турак-жайлар шахтага жакын аймактарга тургузула баштаган, 1901-ж. Кызыл-Кыя шаарча катары расмий аталган. П. В. Фосс 1908-ж. көмүр кени менен Скобелев шаарын туташтырган кууш темир жолун курган. Орто Азияга темир жолунун курулушу бул аймактын экономикалык жана саясий жактан өнүгүүсүнө, товар жүгүртүүгө, капиталисттик мамилелерди жандандырууга өбөлгө болгон. В. И. Лениндин сөзү менен айтканда: “темир жолу акырындык менен орус капиталы үчүн Орто Азияга жол ачты [7, 82.]”.

Кызыл-Кыя шаары өзүнүн тарыхын 1898-жылдан бери баштайт. Орус инженери Михайлов тарабынан изилдөөлөрдүн негизинде биринчи көмүр кени ачылып шаар түптөлө баштаган. 1913-жылы шаардын аймагында жайгашкан көмүр кендеринде 700 жакын жумушчулар эмгектенген. 1909-жылы Кызыл-Кыя жана Скобелев (Фергана) шаарларын байланыштырган темир жолу пайдаланууга берилиши менен өндүрүлгөн көмүрдү Скобелевге (Ферганага) жана андан ары жеткирүү көлөмү көбөйтүлгөн. 1938-жылы «Жин-Жиген» шахтасы ачылышы менен, Кызыл-Кыя шахтасы кенейтилип, иштөө үчүн келген жумушчулардын эсебинен калкынын саны өсүп шаар статусу ыйгарылган.

Жогоруда аталгандардан башка “Жал” участкасында капиталист М. И. Ракитиндин көмүр кени 1907-ж. тарта ишке киргизилет. XX к. башында Кызыл-Кыядагы көмүр кендерин чалгындоо жана өздөштүрүү ишине орус жана европалык ишкерлер жапатырмак аракет кыла баштайт [7.33.]. Шахтерлордун катары Россиянын шахталарында өндүрүштүк тажрыйбага ээ болгон башка улуттардын квалификациялуу жумушчулары менен да толукталып турган. Алар Кыргызстанга көп киреше табуу үчүн келген. Кыргыз пролетариатынын курамында революциялык ишмердүүлүгү үчүн Россиянын Европалык бөлүгүнөн өлкөнүн чет жакаларына куугунтукталган саясий ишмерлер да болгон.

Натыйжада, “Кызыл-Кыя” көмүр кенинин ачылышы менен бирге бул аймакта жумушчулардын чакан шаарчасы пайда болот жана бул шаарчанын түптөлүүшү Кыргызстандын түштүк аймагында би-

ринчилерден болуп, көмүр өнөр жай тармагынын жана өнөр жайлуу ири шаардын пайда болушуна негиз болгон. Ошентип, Кыргызстандын түштүгүндө өнөр жай тармагынын өнүгүшү менен дыйканчылык кесипте ажырым пайда болуп, туруктуу жумуш менен камсыздалган жумушчу табынын өкүлдөрү пайда боло баштаган. Официалдуу маалымат боюнча 1908-ж. Кызыл-Кыя көмүр кенинде 95 жумушчу болсо, 1916-ж. 800дөн ашкан. Алардын арасында кыргыздар да көп болгон. Натыйжада кен казуу иши жанданып, 1916-ж. Кызыл-Кыяда 4998200 пуд көмүр казылган. Бул болсо жалпы Түркстан крайында өндүрүлгөн көмүрдүн 40,8% түзгөн [3. с.43.] . Бул цифра ошол кезде Кызыл-Кыя көмүр кенинин Түркстан аймагындагы ири көмүр кендеринин катарында болгондугун далилдейт.

1977- жылы Кызыл-Кыя шаарын каптаган катуу сел чон зыяндарды алып келген. Кетирилген зыянды калыбына келтирүү жана инфраструктураны оңдоп-түзөөгө кызылкыялыктарга жардамга бүткүл өлкө жардам берип, кыска мөөнөттүн ичинде көптөгөн алгылыктуу жумуштур аткарылган. 1977-1978-жылдары 17,4 миң кв.м.турак жай пайдаланууга берилген. Шаардын түштүк-чыгышындагы бош жерге «БАМ» аттуу жаңы турак жай конушу пайда болгон. Ал эми 1-МКР жаңы конушу курулуш эрежелеринин алдынкы ыкмаларын колдонуу менен өлкөнүн ар кайсы аймактарынан келген куруучулардын жардамы менен бүткөрүлүп пайдаланууга берилген. Натыйжада көптөгөн жаны имараттар тургузулуп, жакын жайгашкан жерлерден келген адамдардын эсебинен шаардын калкынын саны өсүп, көрктөндүрүлүп, жаңыланган.

Кызыл-Кыя тарыхый жактан көмүр өндүргөн шахтыга байланыштуу жана анда иштеген ар түрдүү улуттардын болуусун шарттагандыктан, түптөлгөндөн тартып эле, көп улуттуу шаар катары калыптанган. XX кылымдын башынан тартып, бул жерге борбордук Россиядан сүргүнгө айдалгандар жана шахтыга иштөө үчүн келген квалификациялуу жумушчулардын, адис инженерлердин эсебинен шаар көп улуттуу урбандашкан калктуу пункт катары калыптанган. Совет мезгилинде шаарда сот тарабынан жазалаларын өтөө үчүн айдалып келген ар түрдүү улуттун өкүлдөрүнүн көбү толук эркиндикке чыккандан кийин, Кызыл-Кыя шаарынан үй-жай күтүп туруктуу жашап калышкан.

Эгемендүүлүк мезгилинде бүткүл өлкөдөгү эмиграция маселеси Кызыл-Кыя шаарына да өз таасирин тийгизип, натыйжада шаардын калкы бир топ өзгөрүүлөргө учурады. XX кылымдын 90 – жылдарында жана XXI кылымдын биринчи чейрегинде өлкөдөгү жүргөн саясий – экономикалык, социалдык – маданий өзгөрүүлөрдүн натыйжасында Кызыл-Кыя шаарынын улуттук курамы да чон өзгөрүүлөргө учурады. Саясий-экономикалык кризистин натыйжасында шаардагы өнөр жай ишканаларынын жабылышынын натыйжасында жумушсуздук күчөп, шаардагы ишканалардын жумушчулары Казахстан, Россияга көчүп кете башташты. Тышкы жана ички миграциянын натыйжасында шаардын калкынын улуттук курамы болуп көрбөгөндөй өзгөрдү. Атап айтканда, шаардан негизинен квалификациялуу жумушчулар, инженерлер, механиктер жана көптөгөн кесиптеги адамдар башка жактарга, негизинен Россияга кетүүгө аргасыз болушту. Кеткендердин көпчүлүгү орус тилдүү адамдар болушкан. Макаланын тиркемесинде Кызыл-Кыя шаарынын статистикалык комитети тарабынан түзүлгөн №1-таблицада көрүнүп тургандай, XX кылымдын 90-жылдарынан тартып, XXI кылымдын башына чейин, шаардын калкынын санынын азайуусу байкалат. XX кылымдын башынан тартып, шаардын калкынын акырындык менен көбөйүү тенденциясы башталган. Шаарга көчүп келгендер негизинен анын айланасындагы шаарга жакын жайгашкан райондордогу айыл-кыштактардын жашоочулары болгон. Аталган статистикалык комитет түзгөн №2-таблицадан мындай тенденцияны ачык байкоого болот. Бул жүрүмдөрдүн натыйжасында шаардын калкынын негизги бөлүгүн кыргыздар түзүп, алар көчүп кеткен шаардыктардын үйлөрүн сатып алып орун очок ала баштакан. Шаардын калкынын экинчи бир чон тобун тажик жана өзбек улутундагы элдердин өкүлдөрү түзөт. Авторлор шаардын калкынын Кыргызстандын суверендүүлүк мезгилиндеги улуттук курамынын өзгөрүүсү жөнүндө этнологиялык изилдөө ыкмаларын колдонуу аркылуу алынган жыйынтыктардын негизинде изилдөөгө арекет жасашты.

**Адабияттар:**


1. Абрамзон. С. М. Прошлое и настоящее киргизских шахтеров Кызыл-Кия. [Текст] / С. М. Абрамзон. “Советская этнография”. 1954, №4, –С. 60.

2. Заорская, В. И., Александров А. Промышленные заведения Туркестанского края. СПб., [Текст] /В. И. Заорская, А. Александров –Петроград, 1915. - 562 с. – 11 с.

3. Иванов, П. П. К истории развития горного промысла в Средней Азии[Текст] : Краткий историч. очерк... / П. П. Иванов ; НКТП-СССР. Всес.геол.-разведочное объединение. - Ленинград ; Москва : Гос. науч.-техн.геол.-разведочное изд-во, 1932.

4. Кокайсл П. Усманов А. История Кыргызстана глазами очевидцев (начало XX века) [Текст] / П. Кокайсл, А. Усманов. – Praha, 2012. – С.134

5. Мамбеталиева, К. Быт и культура шахтеров-киргизов каменноугольнойпромышленности Киргизии [Текст] / Акад. наук Киргиз. ССР. Ин-т истории. - Фрунзе : Изд-во Акад. наук Киргиз. ССР, 1963. - 123 с

6. Сатыбалдыев, Т. “Кызыл-Кия и Кызылкийцы” [Текст]/ Т. Сатыбалдыев– Кызыл-кия., 2018. -169с.

7. Татыбекова, Ж. С. История каменноугольного рудника «Кызыл-Кия»(1917-1963 гг.) [Текст] / Ж. С. Татыбекова. - Фрунзе : Илим, 1964. - 143 с

8. Баткенская область на пути развития. [Текст] / – Баткен. 2013, с. 30.

9. Чыныкеева, Г. Э. Миграциялык процесстер: жүйөлөрү, факторлору жананегизги багыттары. [Текст]/ Г. Э. Чыныкеева. “Тарых жана мурас түрмөгү” – Бишкек: 2019. 381-б.

10. Кызыл-Кыя цемент заводунун социалдык маселерди чечүүдөгү салымы “Баткен таңы” гезити. – 2010. – 17-январь. № 2.

11. Кадыров А.А. Положение рабочих щахтеров Кызыл-Кии, революционные движение и борьба с басмачеством (1917-1920гг.). [Текст] / А. А. Кадыров // Международный журнал гуманитарных и естественных наук – 2021. – № №11-1 (62).

12. Кадыров А.А. Социально-экономическое положение населения городаКызыл-Кыя за годы независимости Кыргызской Республик. [Текст] / А. А. Кадыров // Междунар. Журн. Гуманит. и естествен. Наук. – 2021. -№10-1 (61), С. 34

13. Крыжанова Л.С., Саламатин А.А. Социально-демографическая безопасность Кыргызской Республики. [Текст] / Л.С., Крыжанова., А.А. Саламатин . Вестник КРСУ. Том 15. –2015. –№ 8. С.94.

14. Кыргыз Республикасынын Эмгек, жумушка орноштуруу жана миграция министрлигинин атайын басылмасы. [Текст] / – Бишкек., 2010. 176-б.

15. Эгемназаров, Д. Э. Зарождение и развитие угольной промышленности Кыргызстана в конце XIX – в начале XX веков (на примере юго-запада республики) [Текст] / Д. Э. Эгемназаров, Ы. С. Эралиев. – Бишкек, 2007.– № 3/4.

16. Агаджанян, В.Демографические процессы в Кыргызстане. [Электронный ресурс]. В. Агаджанян,В.–Режимдоступа: http://www.demoscope.ru/weekly/2012/0493/analit02.php – Загл. с экрана.

17. Дөөлөталиев, Ч. С. Обзор демографической ситуации в Кыргызской Республике. [Электронный ресурс]. Ч. С. Дөөлөталиев, – Режим доступа: ttps://www.nbkr.kg/DOC/22012010/000000000003684.pdf – Загл. с экрана

18. Социально - экономическое развитие Баткенской области 2011-2015. [Текст]. – Бишкек: Нац. стат. комитет Кыргызской Респ., 2016. – с. 80-81.

1-таблица. Динамика изменений постоянных жителей города Кызыл-Кия

| **Туруктуу калктын динамикасы** *(адам)* | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Көрсөткүчтөрүн аталышы** | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 | 2023 |
| **Жылдын башына карата калктын саны, бардыгы,** *миң адам* | 5 477,6 | 5 551,9 | 5 663,1 | 5 776,6 | 5 895,1 | 6 019,5 | 6 140,2 | 6 256,7 | 6 389,5 | 6 523,5 | 6 636,8 | 6 747,3 | 7 037,6 |
| Төрөлгөндөрдүн саны | 149 612 | 154 918 | 155 520 | 161 813 | 163 452 | 158 160 | 153 620 | 171 149 | 173 484 | 158 112 | 150 164 | 150 225 | … |
| Өлгөндөрдүн саны | 35 941 | 36 186 | 34 880 | 35 564 | 34 808 | 33475 | 33 166 | 32 989 | 33 295 | 39 977 | 38 875 | 31 401 | … |
| Иммиграннттардын саны | 6 337 | 5 532 | 4 349 | 3 928 | 3 559 | 3 160 | 1 974 | 1 687 | 1 400 | 961 | 8 229 | 12 444 | … |
| Эмиграннттардын саны | 45 740 | 13 019 | 11 552 | 11 685 | 7 788 | 7 125 | 5 899 | 7 077 | 7 560 | 5 822 | 8 998 | 6 527 | … |
| Административдик-аймактык өзгөрүүлөр | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| [1] С учетом данных переписи населения и жилищного фонда Кыргызской Республики 2022 года. | | | | | | | | | | | | | |

Таблица-2 . Распределение постоянного населения по отдельным национальностям

**Распределение постоянного населения по отдельным национальностям**

*(оценка на начало года, человек)*

| | 2009* | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 | 2009* | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **г. Кызыл-Кия** | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| **Все население** | **44 144** | **44 385** | **44 943** | **45 373** | **46 495** | **47 632** | **48 871** | **50 126** | **51 293** | **52 572** | **53 912** | **55 497** | **44 144** | **44 385** | **44 943** | **45 373** | **46 495** | **47 632** | **48 871** | **50 126** | 51 293 | **52 572** | **53 912** | 55497 |
| в том числе: | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| кыргызы | 29 938 | 30 284 | 30 922 | 31 420 | 32 326 | 33 246 | 34 182 | 35 156 | 36 091 | 37 085 | 38 092 | 39 350 | 29 938 | 30 284 | 30 922 | 31 420 | 32 326 | 33 246 | 34 182 | 35 156 | 36091 | 37 085 | 38092 | 39350 |
| русские | 1 666 | 1 541 | 1 432 | 1 336 | 1 285 | 1 225 | 1 231 | 1 183 | 1 137 | 1 106 | 1 087 | 1 044 | 1 666 | 1 541 | 1 432 | 1 336 | 1 285 | 1 225 | 1 231 | 1 183 | 1137 | 1 106 | 1087 | 1044 |
| узбеки | 8 329 | 8 414 | 8 467 | 8 553 | 8 800 | 9 019 | 9 276 | 9 511 | 9 728 | 9 964 | 10 210 | 10 408 | 8 329 | 8 414 | 8 467 | 8 553 | 8 800 | 9 019 | 9 276 | 9 511 | 9728 | 9 964 | 10210 | 10408 |
| украинцы | 60 | 43 | 40 | 30 | 22 | 21 | 20 | 19 | 16 | 16 | 16 | 16 | 60 | 43 | 40 | 30 | 22 | 21 | 20 | 19 | 16 | 16 | 16 | 16 |
| немцы | 7 | 7 | 7 | 6 | 6 | 6 | 6 | 6 | 6 | 6 | 6 | 6 | 7 | 7 | 7 | 6 | 6 | 6 | 6 | 6 | 6 | 6 | 6 | 6 |
| татары | 725 | 679 | 653 | 613 | 575 | 554 | 531 | 519 | 518 | 509 | 506 | 493 | 725 | 679 | 653 | 613 | 575 | 554 | 531 | 519 | 518 | 509 | 506 | 493 |
| казахи | 55 | 53 | 50 | 49 | 48 | 45 | 46 | 46 | 46 | 47 | 50 | 53 | 55 | 53 | 50 | 49 | 48 | 45 | 46 | 46 | 46 | 47 | 50 | 53 |
| армяне | 5 | 4 | 3 | 2 | 2 | 2 | 2 | 1 | 1 | 1 | 2 | 2 | 5 | 4 | 3 | 2 | 2 | 2 | 2 | 1 | 1 | 1 | 2 | 2 |
| таджики | 2 082 | 2 114 | 2 175 | 2 193 | 2 269 | 2 357 | 2 431 | 2 523 | 2 597 | 2 671 | 2 762 | 2 871 | 2 082 | 2 114 | 2 175 | 2 193 | 2 269 | 2 357 | 2 431 | 2 523 | 2597 | 2 671 | 2762 | 2871 |
| азербайджанцы | 22 | 18 | 19 | 18 | 19 | 19 | 17 | 18 | 13 | 12 | 11 | 9 | 22 | 18 | 19 | 18 | 19 | 19 | 17 | 18 | 13 | 12 | 11 | 9 |
| чеченцы | 17 | 17 | 16 | 16 | 16 | 16 | 14 | 14 | 14 | 14 | 13 | 13 | 17 | 17 | 16 | 16 | 16 | 16 | 14 | 14 | 14 | 14 | 13 | 13 |
| белорусы | 1 | 1 | 1 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 1 | 1 | 1 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| грузины | 22 | 24 | 23 | 23 | 24 | 24 | 22 | 23 | 22 | 24 | 24 | 26 | 22 | 24 | 23 | 23 | 24 | 24 | 22 | 23 | 22 | 24 | 24 | 26 |
| молдаване | 13 | 13 | 13 | 13 | 12 | 12 | 12 | 12 | 12 | 12 | 12 | 12 | 13 | 13 | 13 | 13 | 12 | 12 | 12 | 12 | 12 | 12 | 12 | 12 |
| латыши | - | - | - | 1 | 3 | 3 | 3 | 3 | 3 | 3 | 3 | 3 | 0 | 0 | 0 | 1 | 3 | 3 | 3 | 3 | 3 | 3 | 3 | 3 |
| туркмены | 17 | 16 | 16 | 16 | 17 | 17 | 17 | 16 | 16 | 16 | 16 | 15 | 17 | 16 | 16 | 16 | 17 | 17 | 17 | 16 | 16 | 16 | 16 | 15 |
| эстонцы | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 |
| евреи | 3 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 3 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 |
| уйгуры | 109 | 111 | 119 | 120 | 126 | 128 | 130 | 138 | 144 | 150 | 160 | 164 | 109 | 111 | 119 | 120 | 126 | 128 | 130 | 138 | 144 | 150 | 160 | 164 |
| дунгане | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 2 | 2 | 2 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 2 | 2 | 2 | 1 | 1 | 1 | 1 |
| корейцы | 58 | 54 | 53 | 49 | 45 | 45 | 39 | 43 | 41 | 41 | 38 | 37 | 58 | 54 | 53 | 49 | 45 | 45 | 39 | 43 | 41 | 41 | 38 | 37 |
| турки | 566 | 541 | 508 | 497 | 495 | 506 | 513 | 517 | 511 | 514 | 526 | 540 | 566 | 541 | 508 | 497 | 495 | 506 | 513 | 517 | 511 | 514 | 526 | 540 |
| другие национальности | 447 | 447 | 422 | 414 | 401 | 382 | 374 | 373 | 373 | 377 | 374 | 431 | 447 | 447 | 422 | 414 | 401 | 382 | 374 | 373 | 373 | 377 | 374 | 431 |